**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**“Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ-БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

# ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ЖАЙЛАРЫ

**(маалымат баракчасы)**

**Даярдаган:**
философия илимдеринин доктору, профессор Г.С.Токоева

Манас – 2025

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде “Жалал-Абад областындагы тарыхый-маданий эстеликтерди компьютердик моделдөө” деп аталган илимий-изилдөө долбоорунун алкагында атайын маалымат баракчасы иштелип чыкты. Бул жалпы тарых жана маданият сүйүүчүлөргө жана аймактын тарыхын изилдөөчүлөргө, туризм тармагына кызыккандарга арналат.

## Жалал-Абад областы

Жалал-Абад облласты – Кыргызстандын түштүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан эң ири жана калкы көп аймактардын бири. Табияты, тарыхы, маданий байлыгы, өнөр жай өндүрүшүнүн жогорку деңгээли менен белгилүү. Борбору – Манас шаары. Областта 8 район, 5 шаар, 70 тен ашык айыл аймактары бар. Жалал-Абад байыркы жибек жолунун бир бөлүгү катары белгилүү жана ар түрдүү цивилизациялардын, көчмөн жана дыйканчылык маданияты айкалышта өнүккөн.

Геортрафиялык жактан областтын көпчүлүк бөлүгүн тоо кыркасы (Тескей Ала-Тоо, Чаткал тоолору) жана өрөөндөр түзөт. Ири дарыяларынын бири Нарын дарыясы агып өтөт. Сууга бай акмак катары ири ГЭСтердин курулушу менен белгилүү. Токтогул суу сактагычы, Арстанбап, Кара-Алма токоюу, Сары-Челек сыяктуу дүйнөгө белгилүү жаратылыш коругу бар. Климаты ар түрдүү: өрөөндөрдө жылуу, тоолордо суук катуу болгон учурлар кездешет. Жай айлары ысык (35-40°C), кышы салыштырмалуу жумшак. Областта болжол менен 1,3 миллиондон ашык калк жашайт. Улуттук курамында кыргыздар басымдуулук кылат, ошондой эле өзбектер, орустар, татарлар, түрк жана башка улуттун өкүлдөрү жашашат.

Жалал-Абад облусунун экономикасы айыл чарба, өнөр жай, туризм менен белгилүү. Айыл чарбасында пахта, дан өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш, багбанчылык, мал чарбачылык негизги орунду ээлейт.

Өнөр жайлуу аймак катары областта Токтогул, Таш-Көмүр, Күрп-Сай ГЭСи Кыргызстандын эң ири энергия булагы кызмат кылат. Тамак-аш өнөр жайы, курулуш материалдарын өндүрүү жакшы жолго коюлган.

Облясттын аймагы туризм үчүн абдан ыңгайлуу. Саймалуу-таш петроглифтери, Сары-Челек биосфералык коругу, Арстанбап, Кара-Алма жаңгак токойлору, Чаткал, Кетмен-Төбө, Көк-Арт өрөөнү чет элдик туристтерди өзүнө тартат.

## Сузак району

Райондун аймагында белгилүү тарыхый-маданий жайлар абдан көп. Көк-Арт өрөөнү табияты жана тарыхый-маданий жайлары менен белгилүү. Кара-Алма жаңгак токойлору, Ачы токоюу, Көк-Арт капчыгайы – кооз тоо өрөөнү, эс алуу жайлары менен белгилүү. Атайын өкмөттүн белгилеген тарыхый-маданий жайлары катары Чөкө Дөбө айылындагы Чөкө-Дөбө тибиндеги шаарчалар (б.з.ч. III – б.з.V кк. таандык), Жалал-Абад шаарынан түштүк жагынан 3 км алыстыктагы 16 тепеден турган дөбөлөр, Курманбек баатырдын күмбөзү эсептелет. Ал эми андан башка да археологиялык табылгалар көп.

Сузак районундагы Курманбек баатырдын күмбөзү, Кара-Булак айылы, Көк-Арт капчыгайы, Барпы жана Комсомол айылындагы тарыхый жайларга изилдөөчүлөр тарабынан экспедициялар уюштурулду. Натыйжада байыркы мезгилдерге жана орто кылымдарга таандык тарыхый-маданий эстеликтер бар экендиги жана алар толук изилдене электиги маалым болду. Аларга Тотуя-Дөбө, Лавдан-Кара жана башка эстеликтерди кошууга болот. Сузак районунун дал ортосунан Көк-Арт жана Кара-Дарыя сууларынын улам дыйканчылык маданияты өнүккөндүгүн кабарлайт.




Сүрөт 1. Курманбек баатырдын күмбөзү

Райондун аймагында орун алган байыркы эстеликтер, зыяраттык жайлар, этнографиялык мурастар жана совет мезгилинен калган тарыхый объектилер көп катмарлуу маданий мейкиндикти түзүп, кыргыз элинин тарыхый эсинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул жайлар ар кыл доорлордун изин сактап, аймактын маданий өнүгүүсүн, элдин жашоо-тиричилигин жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырган баалуу материалдар катары илимий изилдөөлөргө кеңири мүмкүнчүлүк берет.



Сүрөт 4-5. Сузак раойнундагы Боз-Чычкан айылындагы дөбөлөр

Сузактагы тарыхый-маданий объектилердин системалуу түрдө катталышы, изилдениши жана корголушу – аймактын маданий мурасын сактоодо өзгөчө мааниге ээ. Алар ар кандай багыттагы билим берүү процесстеринде, мугалимдер менен студенттердин практикалык иштеринде, жергиликтүү коомчулуктун тарыхый аң-сезимин бекемдөөнүн эффективдүү куралы катары пайдаланылат. Ошондой эле бул жайлардын туристтик потенциалы райондун экономикалык өнүгүүсүнө да өбөлгө түзөт.

## Базар-Коргон району

Областтын аймагындагы дагы бир чоң район – Базар-Коргон району. Бул аймакта байыркы доорлордон бери адам жашап келгендигине археологиялык табылгалар жана элдик уламыштар далил.

Азыркы учурда Базар-Коргон районунда бир канча тарыхый-маданий, археологиялык эстеликтер бар. СССР учурундагы археологиялык чалгындоолордун негизинде бир канчасы аныкталган. КРнын атайын тарыхый-маданий жайлар боюнча маалыматына бир нече тарыхый эстеликтер киргизилген. Учурда Акман айылындагы шаар чалдыбарлары, б.з. I кылымына таандык Коргон-Жар шаарчасы, андан 300-400 метр аралыкта жайгашкан 6 Дөбө, Бешик-Жон айылында Чоң-Дөбө, XII кылымга таандык Өзбек-Дөбө айылындагы Азрет-Даут күмбөзү белгилүү. Мындан сырткары Кур-Таш жана Чарвак айылдарынын аралыгында жайгашкан орто кылымдарга таандык турак-жайлар, Шыдыр айылындагы Төрт-Күль турак жайы өзгөчө көңүлдү бурат.

1944-1949-жылдар аралыгында А.Н.Бернштам башчылык кылган топ Кыргызстандын аймагында археологиялык чалгындоолорду жүргүзгөн. Базар-Коргон районунда да бир нече археологиялык объекттер белгиленген. Ошолордун бири Бешик-Жон айылындагы байыркы доорго таандык бир канча чептердин тобу. Ал чептердин тобу Бешик-Жон айылынын батыш тарабында жайгашкан. Бул

кичинекей чептер бири биринен  болжолдуу 100-200 метр аралыкта жайгашып 3 чептен турат. Азыркы учурда чептин бирөөсү мазар кызматын аткарып жатат. Географиялык координаттары: 41°01'19.3"N 72°47'11.7"E  Болжол менен Давань жана Кушан дооруна таандык (б.з.ч II- б.з II)

Ошол эле Бешик-Жон айылынын түштүк-чыгышында Ош-Бишкек трассасынын боюнда дагы бир чеп бар. Формасы сүйрү сымал болуп, чыгыштан батышты карай тартылган. Узундугу 35 м, туурасы 20 м. Ал жолго жакын болгонуна байланыштуу 2021-жылы жол реконструкция болуп жатканда жарым жартылай бузулуп калган. Чеп болжолдуу Давань, Кушан дооруна таандык (б.з.ч. II- б.з. II кк.). Географиялык координаттары: 41°00'37.9"N 72°47'21.3"E.

Базар-Коргон шаарынын, Могол, Бешик-Жон, жана Сейди-Коргон айылдарында XIX–XX кылымдын башында курулган эски мечиттер бар. Алардын көбү боз топурактан жана жергиликтүү усталардын кооз жыгач оюмдары менен жасалган. Бул мечиттер диний гана эмес, тарыхый-архитектуралык эстеликтер катары да маанилүү. Базар-Коргондун аймагы аркылуу Улуу Жибек жолу өткөн деп болжолдонууда. Арстанбап жана Бешик-Жон тараптарда байыркы кербен сарайлардын издери, чопо идиштердин сыныктары жана байыркы сугат каналдарынын калдыктары табылган.

 

Сүрөт 6-7. Базар-Коргон районундагы дөбөлөр

Биздин изилдөөчүлөр тобу байыркы жана орто кылымдарга таандык тарыхый эстеликтерди изилдөөдө Базар-Коргон районунда да Чөкө-Төбөлөр абдан көп кездешкенине күбө болдук. Аны кезегинде А.Н.Бернштам талдоого алып изилдеген.

Арстанбап айылы Борбордук Азиядагы эң белгилүү тарыхый жайлардын бири. Бул жерде 1000 жылдан ашык убакыттан бери келе жаткан жаңгак токойлору бар. Ал дүйнөдөгү эң чоң жапайы жаңгак токой деп эсептелет. Эл арасында айтылган уламыш боюнча, Арстанбапта Ыйык Арстанбап ата деген киши жашаган жер. Ал Кожо Ахмед Ясавинин устаты болгон дешет. Арстанбап атанын күмбөзү Арстанбап айылында жайгашкан жана эл ишениминде Арстанбап ата пайгамбардын замандашы же ыйык адам болгон деген пикирлер бар. Мазарга Кыргызстан жана коңшу өлкөлөрдөн зыяратчылар абдан көп келет.

Райондо “Кызыл-Үңкүр” деп аталган тарыхый үңкүрлөр бар. Ал Кызыл-Үңкүр айыл аймагында жайгашкан бул үңкүр байыркы адамдар жашаган жай катары белгилүү. Археологдор бул жерден эски керамикалык буюмдар, таш куралдар жана адамдын издерин табышкан. Үңкүрдүн аталышы кызыл түстөгү тоо тектерине байланыштуу коюлган. Эл ичинде бул жерде байыркы падышалардын казынасы жашырылган деген уламыштар бар.




Сүрөт 8-9.  Арстанбап атанын күмбөзү

Базар-Коргон районунда экотуризм, тоо туризми жана зыярат туризми кеңири өнүккөн. Туристтер жергиликтүү элдин маданияты, салттуу ашканасы жана жашоо образы менен да таанышат. Кызыл-Үңкүр, Арстанбап сыяктуу токой массивдери, Арстанбаптагы шаркыратмалар, ыйык мазарлар Борбордук Азия элдерин өзүнө тарткан кооз жана туристтик жайлары катары районду белгилүү кылып көрсөтөт.

## Токтогул району

Токтогул району Кыргызстандын байыркы цивилизациясынын борбору катары белгилүү. 2024-2025-жылдары жүргүзүлгөн талаа иштеринин натыйжасында атайын изилдөөлөрдүн жыйынтыгы чыгарылды. Ушул күнгө чейин жарыкка чыккан эмгектерге анализ жасалды. Областтагы байыркы цивилизациянын очогу катары эсептелген Кетмен-Төбө өрөөнү боюнча изилдөөлөргө да сереп салынды. Бул өрөөндөгү тарыхый жайлардын көбү азыркы Токтогул көлүнүн астында калып кеткен.

Токтогул районунда мамлекет тарабынан белгилөөгө алынган бир нече тарыхый жайлар бар. Алардын ичинен Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү жогорку палеолит дооруна таандык Баратай үңкүрү, Кочкор-Дөбө тоосунан эңкейе берген жеринде жайгашкан б.з.ч. II миң жылдыктын акырына таандык Жазы-Кечүү мазары, Үч-Терек айылынын түштүк-батышка карай 30 км аралыкта  жайгашкан Өзгөрүш же Миң-Дөбө (I-V-кылымдарга таандык), Узун-Акмат суусунун оң жээгиндеги б.з.ч. V – б.з. V кылымдарына таандык Чоң-Арык мазары өзгөчө белгилүү. Ошондой эле Кара-Күңгөй, Айгыр-Жал, Кетмен-Төбө Кызыл-Жазы мазарлары байыркы жана орто кылымдарга таандык тарыхый эстеликтер катары эсептелет. Жогорку палеолит, неолит дооруна таандык Ничке-Сай жана Шамшыкал таш куралдары табылган жайлар археологиялык эстеликтер катары белгилүү.

Бууракан чеби тарыхый-археологиялык мааниси чоң баалуулуктардын бири. Бул чеп Нарын дарыясынын өрөөнүндө, стратегиялык маанилүү жолдордун кесилишинде орун алган. Археологдордун пикиринде, Бууракан чеби орто кылымдарда курулган жана ошол мезгилдеги коргонуу архитектурасынын өзгөчө үлгүсү болуп эсептелет. Чеп негизинен чабуулдардан коргонуу жана жолдорду көзөмөлдөө максатында пайдаланылган. Географиялык жайгашуусу аны соода жана кербен жолдорун көзөмөлдөгөн маанилүү пункт кылып турган.

Чептин дубалдары таш жана ылайдан тургузулуп, убакыттын өтүшү менен бир топ бузулганына карабастан, азыр да анын айрым бөлүктөрү сакталып калган. Аймакта жүргүзүлгөн археологиялык казуулардан табылган керамикалык идиштер, курал-жарактар жана башка турмуш-тиричилик буюмдары бул чептин байыркы мезгилде жигердүү пайдаланылгандыгын көрсөтөт.

Бууракан чеби Токтогул районунун тарыхый эстеликтеринин ичинен туристтер жана изилдөөчүлөр үчүн өзгөчө кызыктуу жайлардын бири. Чеп айланасындагы кооз тоо пейзаждары жана таза аба бул жерди жаратылышты сүйүүчүлөр үчүн да жагымдуу жай катары эсептелет.

Бүгүнкү күндө Бууракан чебин сактоо жана илимий изилдөөлөрдү улантуу маанилүү милдеттердин бири. Бул объект тарыхый мурастарды сактоо жана аларды кийинки муундарга өткөрүп берүү иштеринде өзгөчө ролду ойнойт. Ошондой эле чепти туристтик жана маданий жай катары жайылтуу аркылуу жергиликтүү калктын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн да кеңейтүүгө шарт түзүлөт.



Сүрөт 10. Бууракан чеби

Өзгөрүш айылында Туулук-Сай өзөнүнүн боюндагы Баратай үңкүрүндөгү жүргүзүлгөн изилдөөлөр өрөөндө 25-30 миң жыл мурда адамдар жашай баштаганын археологдор белгилеп кеткен. Үңкүрдүн узундугу 18,4 м, туурасы 7,3 м, эң бийик жери 8,7 м. Эл арасында айтылган уламыш боюнча үңкүргө элди, жерди коргогон Баратай баатырдын сөөгү коюлган. Археологиялык казуулар жүргүзүлгөн. Баратай-Ата үңкүрү өрөөндөгү чоң мазар катары, азыркы учурга чейин зыяратчылар түнөп, сыйынышат.

Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Көк-Бел ашуусунун түндүгүндө Чырак-Булак аттуу мазар бар. Камбар-Ата суусу да ушул аймакта жайгашкан. Бул капчыгайдан аскага тартылган сүрөттөр жана коло дооруна таандык археологиялык эстеликтер көп табылат.

Токтогул районундагы дөбөлөр көбүнчө тоолордун этегинде жана дарыялардын жээктеринде жайгашып, адырлуу ландшафттарды түзөт. Алардын айрымдары жаратылыш процесстеринин (жел, суу, жер кыртышынын кыймылдары) натыйжасында жаралган. Дөбөлөрдүн формасы тегиз, сүйрү же чокусуз болуп, көп учурда жайлоолор жана мал чарбасы үчүн ыңгайлуу жер катары колдонулуп келет. Көптөгөн дөбөлөр эзелтен эле жергиликтүү эл үчүн ыйык, сыйынуучу же эскерүү жайлары катары белгилүү болгон. Айрым дөбөлөрдө байыркы күмбөздөрдүн, эстеликтердин, таш

көрүстөндөрдүн калдыктары бар. Бул дөбөлөр археологдор жана тарыхчылар үчүн да маанилүү изилдөө объектилери болуп саналат.

Токтогул районундагы дөбөлөр кооз пейзаждары жана жаратылыш байлыктары менен туристтерди өзүнө тартат. Бул жерлерде жөө жүрүш (треккинг), ат минүү, жаратылышта эс алуу сыяктуу иш-чараларды уюштуруу мүмкүн. Дөбөлөрдөн ачылган кең көрүнүштөр, өрөөндөр жана көлмөлөр аймактын табигый сулуулугун толук ачып көрсөтөт. Дөбөлөр жергиликтүү экосистеманын маанилүү бөлүгү. Алар чөп, бадал жана ар кандай жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсү болуп эсептелет. Ошондуктан, дөбөлөрдү коргоо жана сактоо маселеси бүгүнкү күндө өзгөчө маанилүү. Токтогул районундагы дөбөлөр табияттын гана эмес, маданий жана тарыхый мурастын да баалуу бөлүгү болуп саналат. Алар аймактын өзгөчө сулуулугун чагылдырып, жергиликтүү туризмди өнүктүрүүгө жана жашоочулардын жыргалчылыгын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Төмөндө ошол дөбөлөрдүн азыркы учурдагы көрүнүшү берилди.



Сүрөт 11. Токтогул районундагы Миң-дөбө

Андан ары Токтогул районуна караштуу Жетиген айылынди изилдөө болду. Ак-Жар деп аталган жеринде бизге Бууракан айылынын тургуну Алымкулов Барчын айтып берген Сыдык болуштун күмбөзү бар экен. Күмбөздүн

маңдайынан узундугу 6м. 75см., күн чыгыш жана күн батыш тарабынан узундугу 6м. 30см., артынан узундугу 5м. 75см., алдынан бийиктиги 4м. 20см., артынан бийиктиги 3м. 75см., күмбөздүн ичи 4х4м., эшигинин өлчөмү 1х1.75см экен. Төмөндө ошол жерден тартылып алынган сүрөттөрдү беребиз.




Сүрөт 12. Сыдык Болуштун күмбөзү

Ошентип, Токтогул району боюнча кыскача маалымат бердик. Райондогу бардык тарыхый-жайлар камтылган жок, аларды кийинки изилдөөлөрдө беребиз деген ойдобуз. Бул аймактагы кээ бир тарыхый жайлар моделдөөгө алынды.

## Ала-Бука району

Областтагы дагы бир тарыхый-маданий мурастарга бай аймак катары Ала-Бука району эсептелет. IX-XII кылымдарга таандык Арча-Мазар, Куру-Тегерек, Ак-Таш, Кашка-Терек шаарчалары археологиялык эстеликтер катары белгиленген. Б.з.ч. I – б.з. XII кылымдарына таандык деп эсептелген Ак-Коргон шаарчасы, б.з.ч I кылымга таандык Ак-Төбө шаарчасы, XII – XVII кылымдарга таандык деп эсептелген Бузлук-тепе жана Зирк коргондору Шах-Фазиль тарыхый-маданий комплексти – Ала-Бука районун өзгөчө аймак катары көрсөтөт. Ала-Бука районунун Сафид-Булен айылындагы Шах-Фазиль күмбөзү өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Күмбөз төрт бурчтуу формада, ички дубалынын узундугу 7,8х7,8 м.

Калыңдыгы 1,63 м болсо, тышкы өлчөөлөрүндө 11 м. чейин жетет. Куб түрүндөгү негизинде горизонталдуу тепкичтер менен төрт бөлүккө бөлүнгөндөй жогору карай багытталган оригиналдуу тепкичтүү конструкциядагы конус түрүндөгү күмбөз жатат. Бул тарыхый учурда талдоого алынып обзордук материалдар даярдалды.

Изилдөөчулөр тобу Ала-Бука районуна жана Шах-Фазиль комплексине экспедиция уюштуруп, таанышуу жана практикалык сунуштарды берүү иштерин жүргүздү.





Сүрөт 13-14. Ала-Бука районундагы Шах-Фазиль

Ала-Бука району областагы тарыхын, этномаданий өнүгүүсүн жана руханий дүйнөсүн тастыктаган тарыхый жайларга бай аймак. Райондун аймагында жайгашкан байыркы шаарчалардын калдыктары, орто кылымдардагы эстеликтер, зыяраттык мааниге ээ мазарлар, тарыхый мааниси терең Шах-Фазиль комплекси кызыгууну жаратат. Ала-Бука районунун тарыхый жайларын ар тараптуу документтештирүү, коргоо жана туура пайдалануу – аймактын маданий мурасын келечек муундарга сактап жеткирүүнүн негизги багыттарынын бири. Шах-Фазилдин жанында моделдөө иштери жасалды

## Аксы району

Аксы району Кыргызстандын Жалал-Абад облусунда жайгашкан, табияты кооз, тарыхый-маданий мурастарга бай

аймактардын бири. Бул райондо байыркы доорлордон бери көчмөн маданият, дыйканчылык, соода жана диний ишмердүүлүктүн издери сакталган. Ар түрдүү тарыхый-маданий жайлар бүгүнкү күндө илимпоздор, туристтер жана жергиликтүү эл үчүн чоң кызыгуу жаратат.

Аксы районунун аймагында эл арасында ыйык деп эсептелген көптөгөн мазарлар жана байыркы күмбөздөр жайгашкан. Бул жерлер руханий маданияттын жана салттуу ишенимдердин символу катары жашап келет. Мисалы, Жабагы-ата, Бүргөндү, Мундуз мазарлары зыярат кылуучу жайлар катары белгилүү. Ал эми мамлекет тарабынан археологиялык турак-жайлар катары Кербен шаарындагы шаар-чалдыбары б.з.ч. V – б.з. XII кылымдарында пайда болгон. Кызыл-Жар айылындагы I-V кылымдарга таандык Кызыл-Жар шаар чалдыбары, Бозбу I, Бозбу II деп аталган мазарлар (IX-X кылымдарга таандык), Кара-Жыгач айылындагы 18 кургандар, Кызыл-Жар айылындагы 11 кургандар, Падыша-Ата зыяраттык жайы белгилүү.

Аксы районунда байыркы кыштактардын жана шаарчалардын издери калган. Аймакта ар кайсы мезгилде жашаган байыркы элдердин турак жайларынын, кыштактардын калдыктары кездешет. Бул жерлер археологиялык изилдөөлөр үчүн маанилүү маалымат булагы катары ошол кездеги турмуш-тиричиликти, соода байланышын жана маданий өзгөчөлүктөрдү изилдөөгө шарт түзөт.

Аксы районунда совет мезгилинде тургузулган айрым эстеликтер да тарыхый-маданий баалуулуктар катары эсептелет. Алар согушта курман болгон жоокерлерге, белгилүү инсандарга жана ошол мезгилдеги социалдык турмушка арналган.

Аксы районунун кооз жаратылышы маданий мурас менен айкалышып кеткен. Мисалы, Падыша-ата күмбөзү, шаар-чалдыбарлары, тепелер, коргондор кездешет. Аксы районундагы тарыхый-маданий жайлар бул биздин улуттук

өзгөчөлүктү жана мурастарды даңазалаган баалуу байлыктар. Алар тарыхты изилдөөгө, маданий мурастарды сактоого жана туристтик мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул жайларды коргоо жана жаңы муунга жеткирүү биздин милдетибиз катары билүү керек.



Сүрөт 15. Падыша-Атанын күмбөзүнө болгон экспедиция

Жогоруда белгилегендей Аксы районунда абдан көп дөбөлөр бар. Изилдөөчүлөр тобу чалгындоо иштерин жүргүздү. Алардын ичинен абдан көп дөбөлөр Кош-Төбө айылында. Төмөндө эң ирисинин сүрөтүн бердик.



Сүрөт 16. Аксы районундагы дөбөлөр

Демек, Аксы району табияты кооз, байыркы тарыхый-маданий борбор катары белгилүү. Сары-Челек сыяктуу дүйнөгө белгилүү жаратылыш кереметтерин, баатырдык духту жана элдик руханий мурасты сактап келет.

**Тогуз-Торо району**

Тогуз-Торо аймагы байыркы доорлордон бери көчмөн элдердин жашоо жолдорунун бири болгон. Аймакта байыркы турак жайлардын калдыктары, коргондор, балбал таштар, ыйык жайлар көп кездешет. Элдик оозеки чыгармачылык, салттуу кол өнөрчүлүк, боз үйлөрдү жасоо, кийиз басуу, жыгач жана темир устачылыгы районду өзгөчөлөндүрөт. Тогуз-Торо району кооз пейзаждары, бийик тоо массивдери жана капчыгайлары менен белгилүү. Аймактагы айрым табигый объектилер экотуризм жана альпинизм үчүн чоң потенциалга ээ. КРнын өкмөтү тарабынан атайын тарыхый-маданий жай катары Казарман айылынын тушундагы X – XII кылымдарга таандык Казарман шаарчысы, ушул эле доорго таандык Кара-Табылгыты шаарчасы археологиялык эстелик катары белгиленген. Казык деп аталган жерде б.з.ч.VI – б.з. V кк. таандык деп табылган күмбөз, I-V кк. таандык Казык айылындагы Кереге-Таш күмбөзү, Бирдик айылындагы Бирдик күмбөзү, Казарман айылынын батыш тарабынан 30 км алыстыкта жайгашкан Көк-Арт дарыясынын оң жак жээгиндеги б.з.ч. III – б.з. V кк. таандык Кичи-Ак мойнок көрүстөнү, Арал айылындагы X-XII кылымдарга таандык “Чырпыктуу бейит” шаарчасы аймакты өзгөчө тарыхый-маданий жай катары көрсөтөт.

Белгилүү изилдөөчү А.Н.Бернштамдын айтуусунда “Ферганадагы дыйканчылык маданияттын “калыптанышын” өзгөчө кызыктуу эстелик – азыркы Жалал-Абад шаарынын чыгыш тарабындагы Фергана кырка тоосундагы Көк-Арт ашуусундагы аскага тартылган сүрөттөр “Саймалуу-Таш” (аны “оймо таш” деп да аташат) деп аталган таштарга

чегилген бул сүрөттөр белгилүү. Ар түрдүү жана көп мезгилдүү катмарлардын ичинен эки байыркы сюжет өзгөчөлөнүп турат. “Биринчиден, жапайы жаныбарларга аңчылык кылуу, аң уулоого чыккан адам жаныбарлардын терисин жамынып, иттин жардамы менен чыккан сюжет бар. Экинчиден, айдоо иш аракеттери чагылдырылган сүрөттөр бар. Анда адамдар канаттуулардын кийимдерин кийишкен, букаларды (топоздорду) соколорго байлап алган сүрөттөр бар. Сүрөттөрдү талдоонун жана бир катар түз жана кыйыр аналогиялар боюнча бул эстеликтер биздин заманга чейинки II жана I миң жылдыктын башында пайда болгон деп айтууга негиз берет” [1, 246-б.]. Оюм-чийим түшүрүү техникасы, жана композициясы сүрөттөрдүн байыркылыгынан кабар берет. Саймалы-Таштын аскадагы сүрөттөрүнүн көрүнүштөрүндө Ферганадагы дыйканчылыктын пайда болушун билдирген культ-магиялык ырым жырымдын изи бар. Ошондой эле мергенчиликтин да маанилүү ролу жөнүндө айтылат.

Демек, дүйнөгө белгилүү болгон Саймалуу-Таш петроглифтери өзгөчө изилдөөгө арзыйт. Ал дүйнөлүк деңгээлдеги тарыхый-археологиялык комплекс. Ал райондун түндүк-чыгыш тарабында, Казык-Кыя жана Куртка тоолорунун этегиндеги бийик тоолуу аймакта, деңиз деңгээлинен 3000 метрден ашык бийиктикте жайгашкан. Саймалуу-Таш Тогуз-Торо аймагын тарыхый, маданий жана илимий жактан өзгөчө баалуу аймак катары белгилеген негизги эстеликтердин бири болуп саналат. Саймалуу-Таш дүйнөдөгү эң ири петроглиф комплексинин бири. Заманбап илимий маалыматтар боюнча бул жерден 100 миңге жакын байыркы сүрөт чегилген таш табылган. Петроглифтер неолит, коло, темир доору, андан кийинки көчмөн түрк дооруна чейин созулган узак мезгилди камтыйт. Саймалуу-Таштагы сүрөттөр өтө көп түрдүү темаларды камтыйт.






Анда бугу, аркар, теке, жырткыч айбанаттар, аңчылык жана мал чарбачылык көрүнүштөрү, күн баштуу (солярдык) адамдардын образдары, согуш жана бий көрүнүштөрү, диний-белги системалары жана магиялык символдор, эрте көчмөндөрдүн турмушуна тиешелүү унаа, кербен, шамандык ырымдар чегилип тартылган. Бул петроглифтер байыркы адамдардын дүйнө таанымын, ишенимдерин, маданий кодун жана коомдук түзүлүшүн чагылдырган баалуу көркөм-тарыхый булак. Учурда ал ЮНЕСКОнун тизмесине киргизилген.

Тогуз-Торо району Кыргызстандын байыркы тарыхый-маданий катмарларын сактап, Саймалуу-Таш өңдүү уникалдуу дүйнөлүк мааниге ээ петроглиф комплекси катары өзгөчө орун ээлейт. Райондун тарыхый-маданий жайларын изилдөө, каттоо жана системалуу коргоо – илимий жактан маанилүү гана эмес, билим берүү жана туризмди өнүктүрүүдө

да чоң мааниге ээ. Бул жайлар жергиликтүү калктын тарыхый аң-сезимин арттырып, маданий мурастарды келечек муундарга сактап калууга шарт түзөт.

Тогуз-Торо районунда Баракан күмбөзү - XIX кылымдын орто ченине таандык архитектуралык эстелик. Күмбөз жалпак, жука бышкан кирпичтен тургузулган. Казанагы кенен арча калың төшөлүп жасалган. Үстү жалаң арча устун менен жабылган. Ал жерге Тайлак Баатырдын 20дан ашык урпактары коюлган деген уламыш бар. Аялдын сөөгүн арча менени көшөгөлөп коюшкан.

Тогуз-Торо районунда X-XII кылымдарга таандык шаар калдыгы да бар. Нарын дарыясынын оң жээгинде Казарман кыштагынын каршысында жаткан чеп. Узундугу 100 метр, азыр айдоо аянты болуп калган. VI-VIII-кылымдарга таандык шаар урандылары бар. Ал Нарын дарыясынын Тогуз-Тородон Кетмен-Төбөгө бурулуп аккан жериндеги Кара-Табылгыты деген секиде жайгашкан. Дубалдарынын узундугу 200 метр болуп, төрт бурч формасында. Батыш жана чыгыш дубалдарында эшиктери болгондугу, түндүк жана түштүк тарабында дарбазанын орду байкалат.

Тогуз-Торо районунун тарыхый-маданий жайлары – аймактын өткөнүн, маданий өзгөчөлүгүн жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырган баалуу мурас. Бул объектилерди илимий негизде изилдөө жана коргоо, ошондой эле туризм жана билим берүү максатында рационалдуу пайдалануу райондун маданий жана экономикалык потенциалын жогорулатуу үчүн маанилүү болуп саналат.

## Чаткал району

Чаткал өрөөнү байыркы доорлордон бери адам жашаган аймак. Бул жерден археологдор таш дооруна таандык петроглифтер (таш сүрөттөр) табышкан. Чаткал району жаратылышты сүйгөндөр, тарых изилдөөчүлөр жана тынч эс алууну каалагандар үчүн эң ылайыктуу жай.

Өрөөндө коло доорунан баштап орто кылымдарга чейинки өтө көп эстеликтер жайгашкан. Алардын негизгилери республикалык маанидеги эстелик катары коргоого алынган. Атап айта турган болсок Жаңы-Базар айылындагы Идирис пайгамбардын күмбөзү Ак-Суу дарыясынын Чаткал суусуна куя бериш жеринде жайгашкан X-XII кылымдарга таандык Күлбөс хандын шаарчасы, Жаны-Базар айылынын Чаткал дарыясынын оң жээгиндеги VI-XII кылымдарга таандык Жаңы-Базар дөбөсү, Орто-Терек айылындагы Орто-Терек дөбөсү, Түлөберди дарыясынын сол жээгиндеги VI-VIII кылымдарга таандык Түлөберди дөбөсү, Жаңы-Базар айылынын Миянкол деген жериндеги I-IV кылымдарга таандык Миянкол мазары белгилүү. Ошондой эле I-IV кылымдарга таандык Жаңы-Базар айылындагы Узун-Булак мазары, Терес жана Чаткал дарыяларынын бириккен жериндеги VI-XII кылымдарга таандык Санжар (Жанчар) хандын мазары, Арстан-Сайдан түштүк тарабындагы Арстан-Сай мазары, Шакафтар айылындагы Мачап-Тепе деп аталган тарыхый-археологиялык жайлар районду өзгөчө тарыхый-маданий жай катары көрсөтөт [2, 128-б].





Сүрөт 23-24. Жанчар хандын ордосунун жайгашкан жери

Жанчар хандын ордосунун урандылары жана орду гана калган. Бул жерди тарыхый жай катары сактоо жана туристтерди тартуу боюнча иштерди жасаса жакшы болмок деген ойдобуз.

Жанчархан жана Күлбөсхан жөнүндө уламыш бар. Ага ылайык илгери Чаткал өрөөнүндө эки хандык болгон экен. Хандар Жанчар хан жана Күлбөс хан деп аталыптыр. Жанчар хан Терс суусунун Чаткал дайрасына куйган жерде жашаган экен. Ал адилетүү, элине камкор, хандыкка тиешелүү аймакты душмандардан коргогон хан болгон экен [5, 47-б].

Кара-Дөбөдө VI-VII кылымдарга таандык алтын казып иштеткен тарыхый жайдын калдыктары бар. Аталган жайда 7,5 миллион куб таш үйүлүп тургандыгын айтышат. Ал жайды Үйгөн-Таш деп аташат. Ал Терек-Сай айылынын жанында жайгашкан. Аны орто кылымдарда чогултуп, үйүп чыгышкан. Ал таштар космостон да көрүнөрүн советтик окумуштуулар сүрөткө тартып алышкан.

Төмөндө Үйгөн-Таштын сүрөтүн беребиз. Биздин изилдөөчүлөр тобу ошол аймакта болуп сүрөткө тартып, тегерегин айланып көрүп келишкен.



Сүрөт 25. Үйгөн-Таштын учурдагы көрүнүшү

Чаткал районунда X-XII кылымга таандык Ыдырыс пайгамбардын да күмбөзү бар.



Сүрөт 26. Ыдырыс пайгабардын күмбөзү (учурдагы)

Ыдырыс пайгамбардын күмбөзү Жаңы-Базар айылынын күн чыгыш тарабында тектирчеде жайгашкан ыйык жай жана зыяраттык ордо катары эсептелет. Күмбөздөрдү Ыдырыс пайгамбардын ысмы менен байланыштырышат. Алгач ал жерде 3 күмбөз болгон. Азыркы күндө Ыдырыс пайгамбардын атынан аталган 2 күмбөз сакталып калган. Бузулган күмбөздүн ордуна, кийинчерээк жергиликтүү калк тарабынан жол жүргөндөр, сыйынуучулар учун намаз окулуучу жай салынган.

Чаткал району Кыргызстандагы жаратылыш байлыктары, кендери, бай тарыхы жана маданий мурастары менен өзгөчөлөнгөн аймак. Бул жер тоолордун кооздугу, тунук абасы, таза суусу жана меймандос эли менен ар бир келген адамдын эсинде калат.

## Ноокен району

Ноокен районунда азыркы учурда бир канча тарыхый-маданый жайлар, археологиялык эстеликтер бар. Учурда

жалпы эле Фергана өрөөнүндөгү Кыргызстандын түштүк аймактарындагы, анын ичинде Ноокен аймагындагы сыйынуучу же болбосо зыяраттык жайлардын тарыхына байланышкан чагындоо иштери жүрдү. Тарыхый булактардын негизинде Ноокен районунуда Тоскоол Ата, Көл-Кутман ата, Калпа ата аталган топтогу сыйынуучу жайлардын бар экендиги чагылдырылат. Аймактагы табигый (ландшафттык) сыйынуу жайлары, техногендик (антропогендик) сыйынуу жайлары - табигый ландшафттын сакралдаштырылган, катуу же толугу менен өзгөртүлгөн (культивацияланган) жайлар кездешет.

Ноокен багыты боюнча элибиздин тарыхына байланыштуу эстеликтер Тоскоол Ата үңкүрүнүн жанынан 40 мечиттин орду бар экендиги, мечит 40 бөлмөдөн болуп, анын жанында туурасы жана узуну 35 см болгон таш табылган. Анын үстүнө гүлдөрдүн сүрөтү чегилген. Ал эми капталдарына араб тамгасына окшош тамгалар менен жазылган жазуулар бар. Бирок бул таштагы жазууну ушул күнгө чейин эч ким окуган эмес. Ошондай эле 40 мечит да азыркы күнгө чейин археологиялык жана тарыхый-маданий талдоого алынган эмес.

Чалгындоо иштеринде Ноокен районуна караштуу Апыртан айылындагы Кушан дооруна таандык эски шаар калдыгы менен таанышышып болжолдуу датировкасы б.з.ч II - б.з. IV к. таандык экендигин маалым болду.

Тооскол-Ата күмбөзү Ноокен районундагы Шайдан айыл аймагындагы Тоскоол-Ата айылында жайгашкан. Тоскоол ата айылы Ноокен районунун борбору Масыдан 20 км түндүктө, географиялык координаттары: 41.20297939387343, 72.69430661296495.

Азыркыкы Тоскоол-Ата күмбөзү 2000 жылдары жергиликтүү калктын демилгеси менен Тоскоол-Ата коюлган жердин жанына курулган. Кийинчерээк анын жанына жаңы мечит курулат. Ошондой эле Күмбөздүн жанында булак бар. Бул булактын даарылык касиети бар деп Кыргызстандын

булуң-бурчунан зыяратчылар келишет. Жегиликтүү калктын айтымында булактын суусу миң ооруга даба дейт. Көп жылдар балалуу боло албагандар зияратка келип, андан соң балалуу болушкан деп көп айтылат.

Күмбөздүн жанында 992 кг чоң таш бар. Аны Төрөкул балбан  520 метр көтөрүп баскан деп эл оозунда айтылат. Андан тышкары Умай Эненин камыр-турушу деп аталган өзгөчө таш да бар. Элдердин айтуусу боюнча Умай Эне камырдан бир ууч камыр үзгөн учурда согуш башталып ошол уч камыр таш болуп катып калган дешет.

Негизинен Тоскоол-Ата күмбөзүнө келүүчүлөрдү ички туристтер түзүп, зыярат борбору катары белгилүү.



Сүрөт 27. Тоскоол-Ата күмбөзү



Сүрөт 28. Тоскоол-Ата күмбөзүнүн жанындагы таш

Азыркы учурда Ноокен району ушул маданий-архитектуралык эстеликтен башка бир канча археологиялык эстеликтер бар. Акыркы археологиялык чалгындоолор жыйынтыгы боюнча Ноокен районунда кеминде 25 археологиялык обьекттер бар.  Алар байыркы доорго жана орто кылымга таандык конуштар, чептер,  жана көрүстөндөр.

Алардын бири байыркы доорго таандык Ак-Жегде чеби. Анын жайгашкан жери Кочкор-Ата шаарынын чыгышындагы

Ак-Джегде айылынын түштүк четинде жайгашкан, географиялык координаттары: N41°03'07.3669" E72°31'00.3511". Квадрат формадагы чеп, Узуну 180, тууасы 120 м, бийиктиги 2-4 м. Түштүк-батыш бөлүгү конус формасындагы цитадели бар. Цитаделдин өлчөмдөрү 30 х 36 м, бийиктиги болжол менен 8 м. Болжолдуу датасы б.з.ч. III – б.з. II.

Ноокен району байыркы жана орто кылымдардан тартып бүгүнкү күнгө чейин үзүлбөй келген тарыхый катмарларды сактап калган аймактардын бири. Райондун аймагында жайгашкан археологиялык эстеликтер, этнографиялык мааниге ээ салттуу мурас объектилери, аймактын руханий маданиятын чагылдырган мазарлар жана тарыхый таржымал менен байланышкан табигый комплекстер анын маданий мейкиндикте татыктуу орун ээлешине өбөлгө түзөт. Бул жайлар Ноокен аймагынын бай тарыхын жана ошол тарых менен бирге жүргөн маданий процесстерди чагылдырган маанилүү булак катары бааланат.

### Манас шаары

Манас (Жалал-Абад) шаары – Кыргызстандын түштүк тарабындагы эң байыркы жана тарыхка бай шаарлардан. Ал Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш бөлүгүндө, Аюу-Тоонун этегинде жайгашкан. Манас шаары байыртадан бери соода, маданият жана диний борбор катары белгилүү болуп келген. Бул аймакта тарыхтын ар кыл доорлоруна таандык көптөгөн ыйык жана археологиялык эстеликтер сакталып калган. Аймакта Кушан дооруна таандык эстеликтер абдан көп.

Кушан доору – кул ээлөөчүлүк мамилелердин гүлдөп өскөн мезгили. Экономикасынын негизги тармагы катары сугат дыйканчылыгы жана мал чарбачылыгы эсептелген. Кул эмгегинин болушу оор эмгекти талап кылган тоо-кен тармагынын кеңири өнүгүшүнө шарт түзгөн. Кул эмгеги жамааттык жана уруулук байланыштардын үзүлүшүн камсыздап, айрым патриахалдык үй бүлөлөрдүн өз алдынча

жашоосун жеңилдеткен. Археологиялык изилдөөлөр тарабынан катталган отурукташуулардын (расселение) жаңы үлгүсү пайда болот.

Кушан дооруна мүнөздүү өзүнчө чептүү сепил-үйлөр болгон (укрепленные дома-замки). Алар азыр “тепе” дөңсөлөрү түрүндө сакталып калган. Алар Давань мамлекетиндегидей абдан жыш жайгашкан эмес. Булар уруулук-общиналык (жаматтык) поселкалар эмес, өзүнчө париархалдык-уруулук үй бүлөлөр болгон [1, 255-б].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй Сузак районунда жана Манас шаарына жакын аймактарда да бир нече Чөкө-Дөбөлөр болгон. Ал “Жалал-Абад шаарынан 2 км алыстыкта жайгашкан хазарети Аюб Пайгамбардын (Иова) күмбөзүнүн курулушу XVI-XVIII кылымдарга таандык” экендиги белгиленген [2, 269-б]. Төмөндө берилген мечит советтик доордо жок болуп кеткен, анын сүрөтү музейден алынды.



Сүрөт 31. Азрет Айыбдын күмбөзү

Манас шаарынын түштүк жагында жайгашкан Аюу-Тоо да ыйык тоо катары белгилүү. Эл ишениминде бул тоо жаныбарлардын, өзгөчө аюулардын рухтары жашаган жер деп айтылат. Тоонун ичинде байыркы үңкүрлөр, таштагы белгилер жана ар түрдүү жазуулар бар. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, бул жер байыркы адамдар жашаган жана зороастризм доорунда сыйынуу жайы болгон.

Манас шаардык чөлкөм таануу музейи 1972-жылы Василий Филиппович Трунов тарабынан уюштурулган.

Музейдин аянты болжол менен 199 чарчы метр, жана 9 зал бар. Бул музей Жалал-Абад облусунун эң эски музейлеринин бири болуп саналат.

Шаарда Жалал-Абад курорту белгилүү. Ал Жалал-Абад шаарынын чыгыш тарабында, Аюу-Тоонун этегинде жайгашкан белгилүү дарылык-курорттук комплекс болуп саналат. Бул курорт 19-кылымдын аягында негизделген жана бүгүнкү күндө Кыргызстандагы эң байыркы жана элге кеңири таанымал шыпаалуу суу булактарынын бири. Курорт шаардан 5 км аралыкта жайгашкан. Бийиктиги деңиз деңгээлинен болжол менен 975 метр. Курорт бийик климаты бар, аба-шарты континенталдуу, кыш убагында салыштырмалуу жумшак.

Минералдык булактар: Курорт аймагында 20дан ашуун табигый минералдык суу булагы бар. Бул булактарда суулар сероводороддуу, йод-бромдуу, радондуу, термалдуу жана башка пайдалуу элементтерге бай. Айрыкча сероводороддуу ванналар териге, муундарга жана нерв системасына дарылоо үчүн колдонулат.

“Шор-Булак” шаарда курорттук аймакта жайгашкан зыяраттык жай. Шор-Булак кичи тоо капталында, шаардын курорттук аймагында турат. Тамак-аш, дарылоо максатында, айрыкча ашказан-ичеги жана тери ооруларын дарылоодо пайдалуу. Ал жердеги суулар “туздуу” (шор) туз жана минерал элементтерге бай экени айтылып жүрөт. “Шор-Булак” зыяраттык жайы мамлекеттик башкарууга алынып, кайра оңдоп-түзөө иштери башталды. Шор-Булактын кире беришин ондоп-түзө иштери жүрөт деген ойдобуз. Бул жерге коңшу Өзбекистан Республикасынан абдан көп адамдар зыяраттык үчүн келишет жана түрдүү тери ооруларынын дабаасын табуу үчүн келип туздуу шор булактан дарылык үчүн пайдаланышат.

Манас шаары акыркы жылдары тез темп менен өсүп жаткан байыркы тарыхый жана маданий борборлордун бири. Шаар аймагы байыркы мезгилдерден бери адамзаттын жашоо

мейкиндиги болуп, ар кыл цивилизациялардын таасирин чагылдырган бир катар тарыхый эстеликтерди сактап келген. Мында тарыхый жайлар, советтик доордон калган архитектуралык мурастар, диний жана маданий объектилер шаар тургундары жана коноктор үчүн маанилүү болуп саналат. Манас шаарынын тарыхый-маданий жайлары шаардык аймактын өткөнүн, маданий өзгөчөлүгүн жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырган баалуу мурас болуп, аларды изилдөө, сактоо жана рационалдуу пайдалануу коомдун маданий өнүгүүсү үчүн негизги шарт болуп саналат.

Демек, заманбап технологиялардын өнүгүшү тарыхый-маданий мурастарды изилдөөгө жана сактоого жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Ошол ыкмалардын ичинен моделдештирүү өзгөчө маанилүү орунду ээлейт. Моделдештирүү – бул тарыхый объектилерди жана эстеликтерди санарип түрүндө калыбына келтирүү, алардын реалдуу көрүнүшүн чагылдыруу жана коомчулукка жеткирүү процесси.

Тарыхый-маданий жайларды моделдештирүүнүн негизги максатты – аларды сактап калуу, изилдөө жана коомго таанытуу. Улам убакыт өткөн сайын, жаратылыш факторлорунун, адамдын таасиринин жана климаттын өзгөрүшүнүн натыйжасында көптөгөн эстеликтер жана объектилер бузулууда. Моделдештирүү алардын азыркы абалын толук кандуу документтештирип, келечек муундарга калтыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

3D моделдештирүү технологиясы маданий жайларды виртуалдуу түрдө кайра жандандырууга жол ачат. Бул ыкма аркылуу байыркы архитектуралык курулуштар, археологиялык табылгалар, чептер жана диний объектилер реалдуу көрүнүштө жасалып, адамдарга ошол замандын атмосферасын сезүүгө шарт түзөт. Биздин изилдөөчүлөр тобу бул иштерди колго алып моделдештирүү иштерин жасоодо.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. Бернштам, А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Том 1. Бишкек, 1997. – 560 с.
2. Бернштам, А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Том 2. Бишкек, 1998. – 704 с.
3. Токоева Г.С. Тарыхый-маданий эстеликтерди компьютердик моделдөө маселесине карата. Вестник ЖАГУ 2023 № 2. – С. 379-385
4. Токоева Г.С. Жалал-Абад областындагы тарыхый-маданий жайларды моделдөөнүн учурдагы маселелери. - Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2024. - № 4. – 342-346-бб.
5. Чаткал району: Энциклопедия / авт.-түз. А.Орозов и др. - Б.: «Принт Экспресс» б., 2015. - 368 б.

Токоева Гүлдана Самидиновна

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ЖАЙЛАРЫ**
**(маалымат баракчасы)**

Редактор: Кожоназарова Ы.М.
Тех.редактор: Абдразакова Г.
Компьютерде терген: Алдосова Н.С.